**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ЭЛ ӨКҮЛДӨР ЖЫЙЫНЫ**

**СОБРАНИЕ НАРОДНЫХ ПРЕДСТАВИТЕЛЕЙ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

Бишкек шаары
Город Бишкек

« __ » ноябрь 200 4ж. г.

№ 1178-II-21

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**«Жибек Жолу» акционердик коомунун, Европа реконструкция жана өнүктүрүү банкынын, Борбордук Азия Кызматташтык жана Өнүктүрүү Банкынын кредиттик каражаттарын пайдалануу боюнча ведомстволор аралык комиссиянын маалыматы тууралу**

Эл өкүлдөр жыйыны «Жибек Жолу» акционердик коому тарабынан алынган чет элдик кредиттердин, Европа реконструкция жана өнүктүрүү банкынын кредиттери менен Борбордук Азия Кызматташтык жана Өнүктүрүү Банкына салынган депозиттерди кайтарып берүү маселелери боюнча ведомстволор аралык комиссиянын маалыматын угуп жана талкуулап, комиссия тарабынан иликтелген маселелерде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банкы тарабынан олуттуу мыйзам бузууларга жана негизсиз аракеттерге жол берилгенин белгилейт. Алып айтканда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен «Андре» компаниясынын ортосундагы кызматташтык жөнүндө 1993-жылдын 4-июнундагы Макулдашууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн күрөөлүк милдеттенмелеринин алтын жана чет элдик валюта түрүндө камсыз болушу жөнүндө сөз болгон эмес. Бирок, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төрагасы К.Нанаевдин колу менен эки жолу 1993-жылдын 30-августунда жана 1994-жылдын 2-февралында 1402,811 килограмм алтын валюта жыйымы жана 6 000 000 АКШ доллары өлчөмүндө чет элдик валюталык күрөө берилген. Башкача айтканда, биринчи күрөө «Андре» компаниясы менен контракт түзүлгөнгө жана өкмөттүк кепилдик берилгенге чейин коюлган.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Жибек-Жолу» АКсынын иш жүзүндө жок долбоорлоруна эксперттик корутунду берүү тапшырмасына экономика жана финансы министрлиги терс корутунду берсе, Мамлекеттик инвестиция комитетинин башкы директору А.Сарыгулов так корутунду берген эмес.

1993-жылдын 30-декабрында Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министринин орун басары К.Уразбаев өзгөчө ыйгарым укугу жок эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министрлиги минералдык сууларды куюу жана балдардын тамак-ашын өндүрүү боюнча жабдууларды алып келүүгө өз ара түзүлгөн контракттар боюнча «Жибек-Жолу» акционердик коомуна «Андре» компаниясынын кредиттик линиясы боюнча өз убагында эсептешүүлөргө кепил болот деген кепилдик катка кол койгон.

12 НОЯ 2004

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ЭЛ ӨКҮЛДӨР ЖЫЙЫНЫ**

**СОБРАНИЕ НАРОДНЫХ ПРЕДСТАВИТЕЛЕЙ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

Бишкек шаары
Город Бишкек

« 3 » ноября 200 4 ж. г.

№ 1173-IV-21

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Об информации Межведомственной комиссии по использованию кредитных средств АО «Жибек-Жолу», Европейского банка реконструкции и развития, Центральноазиатского банка сотрудничества и развития**

Собрание народных представителей, заслушав и обсудив информацию Межведомственной комиссии по вопросу возмещения иностранных кредитов, полученных АО «Жибек-Жолу», возврате кредитов Европейскому банку реконструкции и развития и возврате депозитов, вложенных в Центральноазиатский банк сотрудничества и развития отмечает, что в изученных комиссией вопросах выявлено много серьезных нарушений законодательства и неоправданных действий со стороны Правительства и Национального банка Кыргызской Республики. Так, в Соглашении о сотрудничестве между Правительством Кыргызской Республики и компанией «Андре» от 04.06.1993 г. не говорилось об обеспечении обязательств Правительства Кыргызской Республики залогом в виде золота и иностранной валюты. Но залог был выставлен дважды 30 августа 1993 г. и 2 февраля 1994 г. за подписью Председателя Национального банка Кыргызской Республики Нанаева К. золотовалютным запасом в количестве 1402,811 кг. и иностранной валютой в сумме 6 000 000 долларов США, т.е. первый залог был выставлен еще до заключения контрактов с компанией «Андре» и выдачи правительственной гарантии.

На поручение Правительства Кыргызской Республики дать экспертное заключение на несуществующие проекты АО «Жибек-Жолу» Министерство экономики и финансов дало отрицательное заключение. Генеральный директор Госкоминвеста А.Сарыгулов не дал конкретного заключения.

30 декабря 1993 г. заместитель министра экономики и финансов Кыргызской Республики Уразбаев К. без особых на то полномочий от Правительства Кыргызской Республики подписывает гарантийное письмо, согласно которому Министерство

Асептикалык кампадан алынып келинбеген, баасы 3 039 740 АКШ долларына барабар балдардын тамак–ашын өндүрүүчү жабдуулар бүгүнкү күнгө чейин монтаждалып бүтө элек. Буга карабастан, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы «Андре» компаниясына алынып келине элек жабдуулар үчүн акы төлөп берген жана андан тышкары монтаждалгандан кийин гана төлөнүүчү контракттын баасынын 10 пайызын мурда төлөп ийген. Ошентип, баардыгы 4 767 480 АКШ доллары ашыкча төлөнгөн. Балдардын тамак–ашын өндүрүү боюнча жабдуулар толук жеткирилип-берилбегендигине байланыштуу «Жибек–Жолу» АКсы толук кандуу иштей албагандыктан, кредиттерди кайтарып берүүгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

2003–жылдын майында «SBC» банкы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 25,0 миллион АКШ доллары өлчөмүндөгү күрөөлүк камсыз кылуусун кредиттерди төлөөдө эсептен чыгарып койгон. Ошол эле мезгилде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы «Жибек–Жолу» АКсынын кредиттик чыгымдарынын толук суммасында б.а. 30,2 миллион АКШ доллар өлчөмүндөгү карызын реструктуризациялоого жетишкен жана 2012–жылга чейин аны республиканын бюджетине жүктөп койгон, ошондуктан мамлекеттин чыгашалары 7 миллиондон ашык АКШ долларына өсүп кеткен.

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматы тарабынан «Жибек–Жолу» АКсы боюнча кылмыш ишин толук көлөмдө иликтебегендиктен, аны изилдөө негизсиз токтотулган.

1995–жылдын 16–февралында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен Европа реконструкция жана өнүктүрүү банкынын ортосунда жалпы көлөмү 21 миллион АКШ долларына барабар эки кредиттик макулдашууга кол коюлган.

1997–жылдын июль жана сентябрь айларында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен «Курулуш банк» АКБсынын, «Кыргызстан» АКБсынын, «Кыргыз–КРАМДС» АКБсынын жана «Меркюри» АКБсынын ортосунда кредиттик линиялар жөнүндө макулдашууларга кол коюлган. Кредиттөөнүн бардык долбоорлору жана коюлуучу күрөөлөр Европа реконструкция жана өнүктүрүү банкы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен макулдашылган. Бардыгы 11 601 122 АКШ доллары өлчөмүндөгү 38 долбоор каржыланган.

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Мыйзамга жана жогоруда көрсөтүлгөн макулдашууларга ылайык кредиттерди туура пайдалануусуна Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызмат адамдары тарабынан банк көзөмөлү жүзөгө ашырылышы керек болучу. Бүгүнкү күндө коммерциялык банктардын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы алдындагы карыздары 7,1 миллион АКШ долларын түзөт. Азыркы учурда кредиттик каражаттарды алган банктардын баары, «Кыргызстан» АКБсынан башкасы, банкрот деп жарыяланган жана кредиттерди кайтарууга мүмкүнчүлүктөрү жок.

Ведомстволор аралык комиссия Европа реконструкция жана өнүктүрүү банкынын кредиттик линиясы боюнча түзүлгөн кырдаалдын негизги себеби Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызмат адамдарынын өз милдеттерине кайдыгер мамиле жасагандыгы, коммерциялык банктар тарабынан кредиттик каражаттар жөнүндө макулдашуулардын аткарылышына ойдогудай банк көзөмөлүнүн жоктугу себеп болгондугун аныктады.

1994–жылы үч мамлекет тарабынан жабык типтеги «Борбордук Азия Кызматташтык жана Өнүктүрүү банкы» акционердик коому түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Мыйзамды одоно бузуу менен Борбордук Азия Кызматташтык жана Өнүктүрүү банкынын уставдык капиталындагы 3 миллион АКШ доллары өлчөмүндө Кыргыз Республикасынын үлүшүн төлөп



экономики и финансов Кыргызской Республики гарантирует своевременность расчетов по кредитной линии компании «Андре» акционерному обществу «Жибек –Жолу» по заключенным между ними контрактам на поставку оборудования по розливу минеральной воды и производству детского питания.

Монтаж оборудования по производству детского питания до настоящего времени не завершен из-за недопоставки асептического склада стоимостью 3 039 740 долларов США. Несмотря на это Национальный банк Кыргызской Республики произвел компании «Андре» оплату не поставленного оборудования и кроме того заранее оплатил 10% от стоимости контракта, тогда как эта сумма должна быть оплачена после монтажа оборудования. Всего переплачено 4 767 480 долларов США. Из-за недопоставки оборудования по производству детского питания АО «Жибек-Жолу» не смогло работать в полную мощность и не имело возможности возвратить кредит.

В мае 2003 г. банк «СБС» залоговое обеспечение Национального банка Кыргызской Республики в сумме 25,0 млн. долларов США списывает на погашение кредита. В это время Национальный банк Кыргызской Республики добивается реструктуризации долга в полной сумме убытков по кредиту АО «Жибек-Жолу», т.е 30,2 млн. долларов США и перекладывает на бюджет республики до 2012 года, тем самым убытки государства возросли более чем на 7 млн. долларов США.

Служба национальной безопасности Кыргызской Республики уголовное дело по АО «Жибек-Жолу» расследовало не в полном объеме, что повлекло его необоснованное прекращение.

16 февраля 1995 г. между Национальным банком Кыргызской Республики и Европейским банком реконструкции и развития подписано два кредитных соглашения на общую сумму 21 млн. долларов США.

В июле и сентябре 1997 г. подписываются Соглашения о кредитных линиях между Национальным банком Кыргызской Республики и АКБ «Курулуш-Банк», АКБ «Кыргызстан», АКБ «Кыргыз-КРАМДС банк» и АКБ «Меркюри». Все проекты кредитования и залоги согласовывались с Европейским банком реконструкции и развития и Национальным банком Кыргызской Республики. Всего было профинансировано 38 проектов на сумму 11 601 122 долларов США.

В соответствии с Законом «О Национальном банке Кыргызской Республики» и вышеуказанными соглашениями банковский надзор за всеми стадиями использования кредитов должен был осуществляться должностными лицами Национального банка Кыргызской Республики. На сегодняшний день задолженность коммерческих банков перед Национальным банком Кыргызской Республики составляет 7.1 млн. долларов США.

берген. Ал эми бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жашыруун жабык кредиттөөсү катары түшүндүрүлөт жана мыйзамда буга тыюу салынган.

1997 – жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банк башкармалыгынын төрагасы М.А.Султанов бир эле мезгилде БАКӨ банкынын директорлор кеңешинин жана «Кыргызгазмунайзат» АКсынын директорлор кеңешинин төрагалык кызматына дайындалган. Ошол эле жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы үстөк пайыздарды чегерүү менен БАКӨ банкына 3,0 миллион АКШ доллары суммасында 6 айлык мөөнөткө эки депозит жайгаштырган. Бул суммадан БАКӨ банкын Г.Сооданбековдун колу менен «Кыргызгазмунайзат» АКсына 1,593 миллион АКШ долларын берген, ошондой эле кредиттерди «Кыргызэлектрокыймылдаткыч» АКсы жана «Жанар» АКсы да алышкан. 1997 – жылдын аягында депозиттерди кайтарып берүү жана үстөк пайыздарды төлөө мөөнөттөрү келип жеткен, бирок БАКӨ банкы өз милдеттерин аткарган эмес. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы депозиттерди кайтарып берүү боюнча чара көрүүнүн ордуна 1 миллион АКШ доллары өлчөмүндө депозит жайгаштыруу боюнча БАКӨ банкы менен үчүнчү жолу келишим түзгөн. Натыйжада Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын БАКӨ банкындагы гана жоготууларынын жана чыгымдарынын жалпы суммасы 7 миллиондон ашык АКШ долларын түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы болгону 215,5 миң долларды гана ордуна кое алган. Жабык типтеги «БАКӨ банкы» акционердик коомунун иш аракетинин токтотулгандыгына, валюта каражаттарынын жоктугуна, мүлктөрдүн баардыгынын сатылгандыгына байланыштуу жоготууларды кайра калыбына келтирүү мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын комитеттери Кыргыз Республикасынын Улуттук банк башкармалыгынын төрагасы У.К.Сарбановдун отчетун угууда Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан У.К.Сарбановдун өз кызмат милдетине кайдыгер мамиле жасагандыгы жана башка олуттуу финансылык тартиптерди бузгандыгынын натыйжасында республикага өзгөчө ири зыян келтирилгендиги белгиленген.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйыны **т о к т о м  к ы л а т:**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти А.А.Акаевден төмөндөгү маселелерди кароо суралсын:

– Кыргыз Республикасынын Улуттук банк башкармалыгынын төрагасы У.К.Сарбановдун ээлеген кызмат оруна ылайыктуулугун;

– Россия Федерациясында элчилик кызматы ээлеген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын мурдагы кызмат адамы К.Нанаевдин жана Германия Федеративдүү Республикасында элчилик кызматты ээлеген мамлекеттик инвестиция комитетинин мурдагы башкы директору А.Сарыгуловдун жоопкерчиликтерин.

2. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы төмөндөгү маселелерди карасын:

– «Жибек – Жолу» АКсы боюнча кылмыш ишин токтотуу тууралу токтомду жокко чыгарууну;

– мамлекеттик кызыкчылыктарга өзгөчө ири өлчөмдө зыян алып келген Европа Кызматташтык жана Өнүктүрүү Банкынан алынган кредиттерди берүүгө жана аны кайра кайтарууга ойдогудай көзөмөл жүргүзбөгөн күнөөлүү кызмат адамдарына кылмыш ишин козгоону;

– Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан Орто Азия кызматташтык жана өнүктүрүү банкына депозиттердин берилишинин



Все банки, получившие кредитные средства, в настоящее время объявлены банкротами, за исключением АКБ «Кыргызстан», и вероятность возврата кредитов отсутствует.

Межведомственной комиссией установлено, что основной причиной сложившейся ситуации с кредитной линией Европейского банка реконструкции и развития явилось халатное отношение к своим обязанностям, отсутствие должного банковского надзора со стороны должностных лиц Национального банка Кыргызской Республики за исполнением коммерческими банками соглашений о кредитных средствах.

В 1994 году тремя государствами было создано ЗАО «Центральноазиатский банк сотрудничества и развития».

Национальный банк Кыргызской Республики, нарушая Закон «О Национальном банке Кыргызской Республики», оплачивает долю Кыргызской Республики в уставном капитале Центральноазиатского банка сотрудничества и развития в размере 3 млн. долларов США, что квалифицируется как завуалированное скрытое кредитование Правительства Кыргызской Республики.

В 1997 г. председатель Правления Национального банка Кыргызской Республики Султанов М.А. назначается одновременно еще на должность председателя Совета директоров ЦАБСиР и председателя Совета директоров АО «Кыргызгазмунайзат». В том же году Национальный банк Кыргызской Республики размещает в ЦАБСиР два депозита на сумму 3,0 млн. долларов США сроком на 6 месяцев с начислением процентов. Из этой суммы ЦАБСиР в лице Г.Сооданбекова выдает АО «Кыргызгазмунайзат» 1,593 млн. долларов США, получают кредиты также АО «Кыргызэлектродвигатель» и АО «Жанар». К концу 1997 г. наступает срок возврата депозитов и выплаты процентов, но ЦАБСиР своих обязательств не выполняет. Вместо того, чтобы принять меры к возврату депозитов, НБКР заключает третий договор с ЦАБСиР по размещению депозита на 1 млн. долларов США. В итоге общая сумма потерь и убытков НБКР только в ЦАБСиРе составила более 7 млн. долларов США.

Национальному банку Кыргызской Республики удалось восстановить всего 215,5 тыс. долларов. Деятельность ЗАО «ЦАБСиР» приостановлена, валютных средств нет, имущество реализовано, восстановить потери невозможно.

При заслушивании отчета председателя Правления Национального банка Кыргызской Республики Сарбанова У.К. комитетами Собрания народных представителей Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, Счетной палатой Кыргызской Республики было отмечено халатное отношение Сарбанова У.К. к своим должностным обязанностям и другие серьезные финансовые нарушения, в результате чего республике причиняется особо крупный ущерб.

мыйзамдуулугу, депозиттердин жок болуунун себептери жана келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча көрүлгөн чаралары.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматы тарабынан «Жибек – Жолу» АКсы боюнча кылмыш иши толук көлөмдө иликтөө жүргүзүлбөгөндүгүнөн ал негизсиз токтотулганы белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекетке келтирилген ири зыяндын ордун толтуруу жаатындагы иштеринин канааттандырарлык эместиги белгиленсин.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен бирдикте кыска мөөнөттүн ичинде келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча бардык чараларды көрүү тапшырылсын.

6. Бул токтом жана «Жибек – Жолу» АКсы тарабынан алынган чет элдик кредиттердин ордун толтуруу, Европа реконструкция жана өнүктүрүү банкынан алынган кредиттерди кайтарып берүү жана Борбордук Азия Кызматташтык жана Өнүктүрүү Банкына салынган депозиттерди кайтарып берүү жөнүндө маселелерди текшерүү боюнча ведомстволор аралык комиссиянын иши тууралу маалымат массалык маалымат каражаттарында жарыялансын.

7. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы бул токтомду аткаруу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынына 2004 – жылдын 30 – декабрына карата билдирсин.

8. Токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Мамлекеттик түзүлүш, мыйзамдуулук жана конституциялык мыйзам маселелери боюнча комитетине жүктөлсүн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын
ТӨРАГАСЫ БӨРҮБАЕВ

ПРОТОКОЛ БӨЛҮМҮ
ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ

На основании вышеизложенного, Собрание народных представителей Жогорку Кенеша Кыргызской Республики **п о с т а н о в л я е т**.

1. Просить Президента Кыргызской Республики Акаева А.А рассмотреть вопросы:

- о соответствии занимаемой должности председателя Правления Национального банка Кыргызской Республики Сарбанова У.К.;

- об ответственности бывшего должностного лица Национального банка Кыргызской Республики Нанаева К., занимающего должность посла в Российской Федерации и бывшего генерального директора Госкоминвеста Сарыгулова А., занимающего должность посла в ФРГ.

2. Генеральной прокуратуре рассмотреть вопросы:

- об отмене постановления о прекращении уголовного дела по АО «Жибек-Жолу»;

- о возбуждении уголовного дела в отношении должностных лиц Национального банка Кыргызской Республики, виновных в не осуществлении должного контроля за выдачей и возвратом кредитов, полученных от Европейского банка реконструкции и развития, что повлекло причинение ущерба государственным интересам в особо крупном размере;

- о законности внесения Национальным банком Кыргызской Республики депозитов в Центральноазиатский банк сотрудничества и развития, причин потери депозитов и принятия мер по возмещению причиненного ущерба.

3. Отметить, что Служба национальной безопасности Кыргызской Республики уголовное дело по АО «Жибек-Жолу» расследовало не в полном объеме, что повлекло необоснованное его прекращение.

4. Отметить неудовлетворительную работу Национального банка Кыргызской Республики и Правительства Кыргызской Республики по возмещению причиненного крупного ущерба государству.

5. Поручить Национальному банку Кыргызской Республики совместно с Правительством Кыргызской Республики в кратчайшие сроки принять все меры по возмещению причиненного ущерба.

6. Данное постановление и информацию о деятельности Межведомственной комиссии по проверке вопроса о возмещении иностранных кредитов, полученных АО «Жибек-Жолу», вопроса о возврате кредитов, полученных от Европейского банка реконструкции и развития и вопроса о возврате депозитов, вложенных в Центральноазиатский банк сотрудничества и развития опубликовать в средствах массовой информации.

7. Генеральной прокуратуре Кыргызской Республики о принятых мерах по исполнению данного постановления доложить Собрание народных представителей Жогорку Кенеша Кыргызской Республики к 30 декабря 2004 г.

8. Контроль за исполнением данного постановления возложить на Комитет по вопросам государственного устройства, законности и конституционного законодательства.

ТОРАГА
Собрания народных представителей
Жогорку Кенеша Кыргызской Республики А.БОРУБАЕВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕНЕШИНИН ЭЛ ӨКҮЛДӨР ЖЫЙЫНЫНЫН ПРЕЗИДИУМУ
ПРЕЗИДИУМ СОБРАНИЯ НАРОДНЫХ ПРЕДСТАВИТЕЛЕЙ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ПРОТОКОЛ БӨЛҮМҮ
ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ